**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ**

БЕКИТИЛДИ
Кыргыз Республикасынын
билим берүү жана илим
министрлигинин
« 10 » май 2022 жыл
№863/1 буйругу менен
Каттоо № 8
Коду 200274

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЕСИПТИК ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ

**Адистиги: 050704 «Мектепке чейинки билим берүү»**

**Квалификация: Мектеп жашына чейинки балдардын тарбиячысы**

**Бишкек 2022**

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Ушул Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүсүнүн **050704 «Мектепке чейинки билим берүү»** адистиги боюнча мамлекеттик билим берүү стандарты (мындан ары – Мамлекеттик билим берүү стандарты) «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыккан.

2. Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартында төмөнкү түшүнүктөр пайдаланылат:

- **негизги кесиптик билим берүү программасы** - тийиштүү адистик боюнча билим берүү процессинин максаттарын, күтүлүүчү натыйжаларын, мазмунун жана ишке ашыруунун уюштурулушун регламенттөөчү окуу-методикалык документтердин жыйындысы;
- **сабактардын цикли -** окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон билим берүү программасынын бир бөлүгү же окуу сабактарынын жыйындысы;
- **модул -** окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон окуу дисциплинанын бөлүгү;
- **компетенция** –тийиштүү тармакта ишмердүүлүктү натыйжалуу аткаруу үчүн зарыл болгон окуучунун (студенттин) билим берүү даярдыгына алдын ала белгиленген коомдук талап (норма)
- **чегерим бирдик (кредит)** - негизги кесиптик билим берүү программасынын сыйымдуулугунун шарттуу өлчөмү;
- **окутуунун натыйжалары -** негизги билим берүү программасы/модулу боюнча окутуунун натыйжасында ээ болгон компетенциялар.
- **кесиптик стандарт** – кесиптик ишмердүүлүктүн белгилүү бир түрүнүн алкагында анын мазмунуна жана сапатына талаптарды аныктаган жана ишинин түрүнө карабастан ар кандай уюмдун штаттагы ордун татыктуу ээлөө үчүн жооп бериши керек болгон кызматкердин квалификациясынын сапаттык деңгээлин сүрөттөгөн негизги документ.

Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартын аткаруу уюштуруу-укуктук формасына жана ведомстволук тиешелүүлүгүнө карабастан, кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү мекемелери үчүн милдеттүү болуп саналат.

## 2-глава. Колдонуу жааты

3. Ушул Мамлекеттик билим берүү стандарты **050704 «Мектепке чейинки билим берүү»** адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууда милдеттүү болгон ченемдердин, эрежелердин жана талаптардын жыйындысын билдирет жана Кыргыз Республикасынын аймагында лицензиясы жана аккредитациясы бар, уюштуруу-укуктук формасына карабастан кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү уюмдарынын уюштуруу-методикалык документтерди иштеп чыгуусу, кесиптик орто билим берүүсүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн сапатын баалоосу үчүн негиз болуп эсептелет.

4. **050704 «Мектепке чейинки билим берүү»** адистиги боюнча Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизги колдонуучулары болуп төмөнкүлөр саналат:

- ушул адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууга укуктуу билим берүүнүн уюмдарынын администрациясы жана педагогикалык курамы;
- ушул адистиктеги негизги билим берүү программасын өздөштүрүү боюнча өзүнүн окуу ишин натыйжалуу ишке ашыруу үчүн жооптуу болгон студенттер;
- кесиптик иштин тийиштүү чөйрөсүндөгү адистердин жана иш берүүчүлөрдүн бирикмелери;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын тапшырмасы боюнча негизги билим берүү программаларын иштеп чыгууну камсыз кылуучу окуу-методикалык бирикмелер жана кеңештер;
- кесиптик орто билим берүүнү каржылоону камсыз кылуучу билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар;
- кесиптик орто билим берүү системасында мыйзамдардын сакталышын көзөмөлдөөнү камсыз кылуучу, кесиптик орто билим берүү чөйрөсүндө аккредитациялоочу жана сапатын контролдоочу билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар.
- билим берүү программаларын жана уюмдарды аккредитациялоону жүргүзгөн аккредитациялык агентстволор.

## 3-глава. Адистиктин жалпы мүнөздөмөсү

5. **050704 «Мектепке чейинки билим берүү»** адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүүсүнүн программасын өздөштүрүү формалары:

- күндүзгү;
- сырттан окуу;

6. Жалпы орто билим берүүнүн базасында күндүзгү окуу формасыбоюнчакесиптик орто билим берүүнүн адистиги боюнчанегизги билим берүү программасын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү 1 жыл 10 айдан кем эмести түзөт.Ушул кесиптик билим берүү программасын негизги жалпы билим берүүнүн базасында ишке ашыруу учурунда өздөштүрүүнүн белгиленген ченемдик мөөнөтү 1 (бир) жылга узартылат.

7. Кесиптик орто билим берүү программасына интеграцияланган жалпы орто билим берүүнүн жалпы билим берүү программасын(10 жана 11-класстар) ишке ашырууда жалпы орто билими жөнүндө документ (аттестат) берилбейт, ал эми сабактар боюнча баалар кесиптик орто билим берүү жөнүндө документке (дипломго) коюлат.

8. Абитуриентте окууга тапшырууда төмөнкү документтердин бири болуусу тийиш:

– жалпы орто билими жөнүндө аттестат;
– негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүк.

9. Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалыштырылган жана аралыктан билим берүү технологиялары пайдаланылган учурда кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүү мөөнөтү кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан күндүзгү окуу формасында өздөштүрүүнүн белгиленген ченемдик мөөнөтүнө карата 6 айга узартылат.

Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн башка ченемдик мөөнөттөрү өзүнчө ченемдик укуктук акт менен бекитилет.

10. Күндүзгү окуу формасы боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларынын эмгек сыйымдуулугу 120дан кем эмес кредитти (зачеттук бирдикти) түзөт. Бир окуу семестринин эмгек сыйымдуулугу 30дан кем эмес кредитке (зачеттук бирдикке) барабар (окуу процесси эки семестрлик болуп уюштурулган учурда).

Бир кредит (зачеттук бирдик) студенттин окуу ишинин 30 саатына барабар (анын ичине аудиториялык, өз алдынча иши жана аттестациянын бардык түрлөрү кирет).

Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалыштырылган жана аралыктан билим берүү технологиялары пайдаланылган учурданегизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугу окуу жылы үчүн 45тен кем эмес кредитти (зачеттук бирдикти) түзөт.

11. Инсанды окутуу жана тарбиялоо жаатында **050704 «Мектепке чейинки билим берүү»** адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттары.

**050704 «Мектепке чейинки билим берүү»** адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын окутуу жаатындагы максаты болуп төмөнкүлөр саналат:

- бүтүрүүчүнүн мектепке чейинки билим берүү уюмдарында ийгиликтүү иштөөгө, МЧББУда жана үй- бүлөдө эрте жаш курактагы жана мектеп жашына чейинки балдарды өнүктүрүү, тарбиялоо жана окутуу боюнча универсалдуу жана кесиптик компетенцияларга ээ болууга мүмкүндүк берген, анын социалдык мобилдүүлүгүнө жана эмгек рыногундагы туруктуулугуна түрткү берүүчү кесиптик орто билим берүү тармагында мектеп жашына чейинки балдардын болочок тарбиячыларын даярдоо.

**050704 «Мектепке чейинки билим берүү»** адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын инсанды тарбиялоо жаатындагы максаты:

- студенттердин максатка умтулгандык, уюшкандык, эмгекчилдик, жоопкерчилик, жарандуулук, коммуникативдүүлүк, толеранттуулук сыяктуу социалдык-инсандык сапаттарын калыптандыруу, жалпы маданиятын жогорулатуу ж.б.).

12. **050704 «Мектепке чейинки билим берүү»** адистиктин бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн тармагы – мектепке чейинки билим берүү уюмдарында (МЧББУда) жана үй-бүлөдө эрте жаш курактагы жана мектеп жашына чейинки балдарды ар тараптан өнүктүрүү, тарбиялоо жана окутуу, мектеп жашына чейинки балдарды мектептеги окууга даярдоо.

**050704 «Мектепке чейинки билим берүү»** адистиктин бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн тармагы төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Тарбиялык - билим берүүчү ишмердүүлүгү ;
- Социалдык – педагогикалык ишмердүүлүгү;
- Методикалык ишмердүүлүгү.

13. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн объектилери төмөнкүлөр:

- Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында (МЧББУда) жана үй-бүлөдө эрте жаш курактагы жана мектеп жашына чейинки балдарды ар тараптан өнүктүрүү, тарбиялоо жана окутуу процесстерин уюштуруунун милдеттери, мазмуну, методдору, каражаттары жана формалары;
- мектепке чейинки билим берүү программасын ишке ашыруу максатында өз кесиптештери, мектеп жашына чейинки балдардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү ) жана социалдык өнөктөштөрү менен өз ара кызматташууну уюштуруунун милдеттери, мазмуну, методдору, каражаттары жана формалары;
- Мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы (МЧББУдагы) педагогикалык процессти методикалык (усулдук) камсыздоо.

14. **050704 «Мектепке чейинки билим берүү»** адистиги боюнча даярдалып жаткан бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү билим берүү мазмунун аныкташы керек, ал кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары тарабынан кызыкдар болгон иш берүүчүлөр менен бирдикте иштелип чыгарылат.

15. Бүтүрүүчү даярдалышы керек болгон кесиптик иш милдеттеринин тизмеси:

**Тарбия - билим берүүчү ишмердүүлүгү:**

- мектепке чейинки билим берүү уюмунда мектепке чейинки билим берүү программаларына жана укуктук-ченемдик доументтерге ылайык бүтүндөй педагогикалык процессти ишке ашыруу;
- эрте жаш курактагы жана мектеп жашына чейинки балдардын ийгиликтүү өнүгүсүүнүн шарты катары предметтик-өнүктүрүүчү педагогикалык чөйрөнү жана карым-катнаштын жагымдуу психологиялык атмосферасын түзүү;
- эрте жаш курактагы жана мектеп жашына чейинки балдардын өмүрүн жана ден соолугун коргоону камсыз кылуу; тарбиячынын ишмердүүлүгүнүн ден соолукту сактоочу функциясын аткаруу;
- МЧББУдагы аныкталган күн тартибин жана сабактарын өткөрүүнү камсыз кылуу;
- мектеп жашына чейинки балдарды өнүктүрүү, тарбиялоо жана окутуу боюнча коюлган максаттарга жетүүнү камсыз кылуу;
- балдардын мазмундуу жашоосун уюштуруу жана алардын ишмердүүлүгүнүн ар кыл түрлөрүн (оюн, окуу-таанып билүү, көркөм өнөр, дене тарбия, баарлашуу, тиричилик, эмгек) жетектөө;
- баланы иликтөөнүн, анын билиминин жана тарбиялуулугунун деңгээлин талдоонун негизинде, эрте жаш курактагы жана мектеп жашына чейинки балдар менен иштөөдө инсанга багытталган мамилени ишке ашыруу;

**Социалдык – педагогикалык ишмердүүлүгү;**

- ата- энелерге мектепке чейинки педагогиканын жана үй-бүлөлүк педагогиканын тажрыйбалык маанилүү болгон жоболорду, мектеп жашына чейинки балдардын психологиясын жана тарбиялоо методикасын өздөштүрүү үчүн кеңешчилик жардам берүү;
- балдардын толук коомдошуусу үчүн шарттарды түзүү, аларды
- социалдык дүйнө менен тааныштыруу; балдардын кызыкчылыктарын жана укуктарын коргоо;
- мүмкүнчүлүгү чектелген мектеп жашына чейинки балдар менен коррекциялык иштерди жүргүзгөн адистерге көмөк көрсөтүү;

**Методикалык ишмердүүлүгү:**

- мектепке чейинки билим берүү жана тарбиялоо программаларынын, окуу-методикалык адабияттарды изилдөөнүн негизинде тарбия-билим берүү иштерди пландаштыруу жана ишке ашыруу;

- курчап турган дүйнө жөнүндө маалыматты мектеп жашына чейинки балдар үчүн  жеткиликтүү формага айлантуу;
- жетишилген натыйжаларды талдоонун негизинде мектеп жашына чейинки балдардын инсанын өнүктүрүүнү жана балдарга  тарбия-билим берүү ишмердүүлүгүн  долбоорлоо;
- мектеп жашына чейинки балдарды тарбиялоонун  жана окутуунун ар түркүн усулдарын жана каражаттарын, жаңы педагогикалык технологияларды  педагогикалык ишмердүүлүктө колдонуу;
- өздүк кесиптик квалификациясын  системалуу түрдө жогорулатуу, өздүк билимдерин тереңдетүү жана жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү, өз алдынча билим алуну жана өзүн өзү тарбиялоону жүргүзүү;
- окутуунун техникалык каражаттарын жана компьютердик техниканы колдонуу.

16. Кесиптик орто билим берүүнүн **050704  «Мектепке чейинки билим берүү»** адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүргөн бүтүрүүчү даярдалган:

- жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын өздөштүрүүгө;
- жогорку кесиптик билим берүүгө даярдоонун тийиштүү Мектепке чейинки билим берүү  адистиги жана ага жакын багыттар боюнча тездетилген мөөнөттө жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын өздөштүрүүгө (Адистиги: 550700 “Педагогика” (бакалавр).  Багыты: 550000 “Педагогикалык билим берүү”)

## 4-глава. Негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруунун шарттарына каратажалпы талаптар

17. Кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өз алдынча иштеп чыгышат. Негизги кесиптик билим берүү программасы эмгек рыногунун керектөөлөрүн эске алуу менен,адистик боюнча тийиштүү Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыгат.

Кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары негизги кесиптик билим берүү программасын илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиялардын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүүсүн эске алуу менен, билим берүү сапатынын кепилдигин камсыз кылуу боюнча төмөнкү сунуштарга ылайык үзгүлтүсүз жаңылап турууга милдеттүү:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегияларды иштеп чыгуу;
- билим берүү программаларын мезгил-мезгили менен рецензиялоо, мониторинг жүргүзүү;

- студенттердин билимдеринин жана билгичтиктеринин, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларынын деңгээлин так макулдашылган критерийлердин негизинде баалоонун объективдүү жол-жоболорун иштеп чыгуу;
- окутуучулук курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылуу;
- бардык ишке ашырылуучу билим берүү программаларын жетиштүү ресурстар менен камсыз кылуу, аларды колдонуунун натыйжалуулугун контролдоо, анын ичинде окуп жаткандарга сурамжылоо жүргүзүү жолу менен;
- өзүнүн ишин (стратегиясын) баалоо жана башка билим берүү уюмдары менен салыштыруу үчүн макулдашылган критерийлер боюнча өзүн-өзү изилдөөнү үзгүлтүксүз жүргүзүү;
- коомчулукка өзүнүн ишинин натыйжалары, пландары, инновациялары жөнүндө маалымдоо.

18. Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо аларды учурдагы, орто аралык жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону камтыйт.

Студенттерди учурдагы аттестациялоо кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан белгиленген (Педагогикалык кеңеш менен бекитилген) баалоонун модулдук-рейтингдик системанын негизинде окуу семестринин ичинде жүргүзүлөт.

Студенттерди орто аралык аттестациялоо ар бир семестрдин аягында жүргүзүлөт жана бардык дисциплиналар боюнча семестрдеги учурдагы аттестациялоонун жыйынтыктары боюнча **жыйынтык баалар (сынак баалары)** коюлат.

Бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы төмөнкүдөй мамлекеттик аттестациялык сыноолордон түзүлөт:

- өзүнчө окуу дисциплинасы боюнча жыйынтыктоо сынагы,
- адистик боюнча дисциплиналар аралык жыйынтыктоо сынагы.

Жыйынтыктоочу аттестациясына, окуу планы менен аныкталган, окутуунун толук курсун бүтүргөн жана академиялык карызы жок бүтүрүүчү киргизилет.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган тартипте жүргүзүлөт.

19. Негизги кесиптик билим берүү программасын иштеп чыгууда кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрдүн жалпы компетенцияларын калыптандыруу мүмкүнчүлүктөрү аныкталышы керек (мисалы, социалдык өз ара аракеттенүү, өзүн-өзү уюштуруу жана өзүн-өзү башкаруу, системалык-ишкердүү мүнөздүү компетенцияларын).

Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму милдеттүү:

- өзүнүн социалдык-маданий чөйрөсүн түзүүгө;

- инсандын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө;
- студенттик өзүн өзү башкаруусун, студенттердин коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачыл клубдардын, илимий студенттик коомдордун иштерине катышуусун өнүктүрүүнү өз ичине камтыган окуу процессинин социалдык-тарбия компонентин өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүүгө.

20. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун негизги кесиптик билим берүү программасы студенттин тандоосу боюнча дисциплиналарды камтууга тийиш. Студенттин тандоосу боюнча дисциплиналарды түзүүнүн тартибин кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун педагогикалык кеңеши белгилейт.

21. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму милдеттүү:

- студенттердин өзүнүн окуу программасын түзүүгө катышуусуна реалдуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга;
- негизги кесиптик билим берүү программасын түзүүдө студенттерди алардын укуктары жана милдеттери менен тааныштырууга;
- студенттер тандап алган дисциплиналар алар үчүн милдеттүү болуп калаарын, ал эми алардын жалпы эмгек сыйымдуулугу окуу планында каралгандан кем болбошу керектигин түшүндүрүүгө.

22. Студенттердин тандоосу боюнча окуу дисциплиналарды өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүнүн чегинде студенттер негизги кесиптик билим берүү программасында каралган конкреттүү дисциплиналарды тандап алууга укуктуу.

23. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун негизги кесиптик билим берүү программасында каралган бардык тапшырмаларды студенттер белгиленген мөөнөттөрдө аткарууга милдеттүү.

24. Негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүдө натыйжаларга жетишүү максатында студенттер студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачыл клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышууга милдеттүү.

25. Студенттин окуу жүктөмүнүн максималдуу көлөмү, анын аудиториялык жана аудиториядан тышкары (өз алдынча) окуу ишинин бардык түрлөрүн камтуу менен, жумасына 45 саат болуп белгиленет.

Күндүзгү окуу формасындагы жумасына аудиториялык сабактардын көлөмү адистиктин өзгөчөлүгүн эске алуу менен Мамлекеттик билим берүү стандарты менен аныкталат жана ар бир окуу дисциплинасын окууга бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 35 пайызынан кем эмесин түзөт.

Милдеттү аудиториялык сабактардын көлөмү окуу процессин уюштуруунун өзгөчөлүктөрүн, окуу-лабораториялык базанын

жабдылышын, маалыматтык, илимий -методикалык камсыздоону эске алуу менен орто кесиптик окуу жайы тарабынан аныкталат жана жумасына 30 аудиторялык сааттын чегинде белгиленет.

Окуу дисциплинасы боюнча өз алдынча иштөөгө бөлүнгөн саатарга ушул окуу дисциплинасы (модул) боюнча сынакка даярдануу үчүн каралган убакыт да кирет.

26. Күндүзгү-сырттан (кечки) окуу формасында аудиториялык сабактардын көлөмү жумасына 16 сааттан кем болбошу керек.

27. Сырттан окуу формасында окутуучу менен сабак окуу мүмкүндүгү студентке жылына 150 сааттан кем эмес көлөмдө камсыз кылынуусу керек.

28. Окуу жылындагы эс алуу (каникул) убагынын жалпы көлөмү 10 жуманы, анын ичинде кыш мезгилинде 2 жумадан кем эмести түзүүсү керек.

## 5-глава. Негизги кесиптик билим берүү программасына карата талаптар

29. **050704 «Мектепке чейинки билим берүү»** адистиги боюнча бүтүрүүчү негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттарына жана ушул Мамлекеттик билим берүү стандартынын 11 жана 15 - пункттарында көрсөтүлгөн кесиптик иштин милдеттерине ылайык төмөнкү компетенцияларга ээ болушу керек:

**а) жалпы компетенциялар (ЖК):**

**ЖК1.** Өз ишин уюштурууну, кесиптик милдеттерди аткаруу методун жана ыкмаларын тандоону, алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалоону билүү;

**ЖК2.** Стандарттык жана стандарттык эмес абалдарда чечим кабыл алуу, маселелерди чечүү, жоопкерчиликти жана демилге көтөрүү;

**ЖК3.** Кесиптик милдеттерди натыйжалуу аткаруу, кесиптик жана инсандык өнүгүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды издөө, чечмелөө жана пайдалануу;

**ЖК4.** Кесиптик ишинде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу;

**ЖК5.** Командада иштөөнү, кесиптештер, жетекчилер жана кардарлар менен натыйжалуу баарлашууну билүү;

**ЖК6.** Команда мүчөлөрүнүн (кол алдындагы) иши жана аларды иш орунда окутуу, тапшырмаларды аткаруунун жыйынтыгы үчүн жоопкерчилик алуу;

**ЖК7.** Жеке инсандык жана кесиптик өнүгүүсүн башкаруу, кесиптик иште эмгек шарттарынын жана технологиялардын өзгөрүүсүнө адаптациялануу;

**ЖК8.** Чакан жамаат менен уюштуруу-башкаруу иштерине даяр болуу.

**ЖК9.** Саламаттыкта жашоо, жаратылышты коргоо жана анын ресурстарын максаттуу пайдалануу үчүн алган керектүү билимин пайдаланууга жөндөмдүү.

**ЖК10**. Өзүнүн оозеки жана жазуу кебин мамлекеттик жана расмий тилде туура, далилдүү жана так түзүүгө жөндөмдүү; социалдык карым катнаш деңгээлинде чет тилдердин бирин өздөштүргөн.

**б) кесиптик ишмердүүлүктүн негизги түрлөрүнө ылайык кесиптик компетенциялар (КК):**

**1. Тарбия - билим берүүчү ишмердүүлүгү боюнча:**

**КК1.** Болочок кесибинин маңызын жана социалдык баалуулугун түшүнүү, ага карай туруктуу кызыгуусуна ээ болуу;

**КК2.** Балдардын укуктары жана чоң адамдардын балдарга карата милдеттери жөнүндөгү негизги документтерди, мектеп жашына чейинки балдарды өнүктүрүү, тарбиялоо жана окутуу боюнча маселелери боюнча укуктук - ченемдик документтерди өздүк кесиптик ишмердүүлүгүндө колдоно билүү;

**КК3.** Мектеп жашына чейинки балдарды окутуунун, тарбиялоонун, өнүктүрүүнүн жана аларды мектептеги окууга даярдоонун максаттарын, милдеттерин, мазмунун, принциптерин, формаларын, методдорун жана каражаттарын аныктоону билүү;

**КК4.** Баланы иликтөөнүн, анын билиминин жана тарбиялуулугунун деңгээлин талдоонун негизинде, эрте жаш курактагы жана мектеп жашына чейинки балдар менен иштөөдө инсанга багытталган мамилени ишке ашырууну, балдар менен өз ара карым- катнаш мамиле түзүүнү билүү;

**КК5.** Эрте жаш курактагы жана мектеп жашына чейинки ар бир баланын өнүгүүсүн камсыз кылуу жана ага көмөк көрсөтүү максатында, балдардын ийгиликтүү өнүгүсүүнүн шарты катары карым-катнаштын жагымдуу психологиялык атмосферасын түзүү үчүн балдар психологиясынын негиздерин колдонууга даяр болуу;

**КК6.** Мектеп жашына чейинки балдардын өмүрүн жана ден соолугун корго, чыңоо жана травматизмден алдын алуу иштерин ишке ашырууда, мектеп жашына чейинки балдардын анатомиясынын, физиологиясынын өзгөчөлүктөрү жана ден соолугун камсыз кылуучу иш чаралары тууралуу билимдерин, педагогикалык процесстин санитариялык - гигиеналык шарттарын камсыз кылуу талаптарын колдонууга даяр болуу;

**КК7.** Мектепке чейинки билим берүү уюмундагы аныкталган күн тартибин жана сабактарын өткөрүүнү камсыз кылууга жана балдардын мазмундуу жашоосун уюштура алуу даяр болуу;

**КК8.** Мектеп жашына чейинки балдардын өнүгүүсүнүн, тарбиялуулугунун жана билимдүүлүгүнүн жетишилген деңгээлин анализдөөнүн жана баалоонун негизинде мектепке чейинки билим берүү уюмундагы бүтүндөй педагогикалык процессти долбоорлоо, ишке ашыруу жана анализдөө билгичтигине ээ болуу;

**КК9.** Мектеп жашына чейинки балдардын ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн жетектөөгө даяр болуу, балдарга үйрөткөн ишмердүүлүктүн түрлөрү боюнча педагогдун өзү аткаруу билгичтиктерине ээ болуусу; мектеп жашына чейинки балдарды өнүктүрүү, тарбиялоо жана окутуу

максаттарга жетүүнү камсыз кылуу үчүн ишмердүүлүктүрдөрдү өнүктүрүү методикалары боюнча билгичтиктерге ээ болуу;
**2. Социалдык – педагогикалык ишмердүүлүгү боюнча:**
**КК10.** Ата- энелер менен кызматташуу билгичтигине ээ болуу жана аларга педагогика, психология жана мектеп жашына чейинки балдарды үй-бүлөдө тарбиялоо методикасы боюнча, баланын жана үй-бүлөнүн кызыкчылыктарын жана укутарын коргоо, балдарды толук коомдоштуруу маселелери боюнча кеңешчилик жардам берүүгө даяр болуу;
**КК11.** Мектепке чейинки билим берүү уюмунун үй- бүлө менен иштөөнүн ар түрдүү формаларын жана методдорун колдонуу менен ата-энелер менен кызматташууга даяр болуу;
**КК12.** мүмкүнчүлүгү чектелген мектеп жашына чейинки балдар менен коррекциялык иштерди жүргүзгөн адистерге көмөк көрсөтүүгө даяр болуу.
**3. Методикалык ишмердүүлүгү боюнча:**
**КК13.** МЧББУдагы методикалык иш кагаздары, мектепке чейинки билим берүү жана тарбия тармагындагы ченемдик –укуктук документация менен иштөө билгичтигине ээ болуу;
**КК14.** Мектепке чейинки билим берүү жана тарбиялоо боюнча билим берүү стандарттардын негизинде окуу-усулдук материалдарды (календардык-тематикалык пландарды, сабактардын пландарын жана башкаларды түзүүгө) иштеп чыгууга жөндөмдүү; усулдук иштелмелерди туура түзүү жана жасалгалай алуу билгичтигине ээ болуу; мектеп жашына чейинки балдардын жетишилген натыйжаларын талдоонун негизинде балдардын инсанын өнүктүрүүнү жана балдарга тарбия- билим берүү ишмердүүлүгүн долбоорлоо билгичтигине ээ болуу;
**КК15.** Мектеп жашына чейинки балдар үчүн предметтик-өнүктүрүүчү чөйрөнү түзүү, курчап турган дүйнө жөнүндө маалыматты мектеп жашына чейинки балдар үчүн жеткиликтүү формага айлантуу билгичтигине ээ болуу.
**КК16.** Кесиптик адабиятты изилдөөнүн, өзүнүн жана башка педагогдордун ишмердүүлүгүн анализдөөнүн негизинде мектепке чейинки билим берүү багытындагы жаңы технологияларды жана педагогикалык тажрыйбаларды өздүк педагогикалык ишмердүүлүгүндө системалаштыруу, баалоо жана колдонуу билгичтиктерине ээ болуу, окутуунун техникалык каражаттарын жана компьютердик техниканы колдонуу билгичтигине ээ болуу.

30. Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасы өз ичине төмөнкү блокторду жана окуу циклдерин камтыйт:

**Блок 1** Дициплиналар (модулдар)

1) жалпы гуманитардык цикл;
2) математикалык жана табигый илимдер циклы;
3) кесиптик цикл;
4) дене тарбия

**Блок 2 “** Практика”

**Блок 3** “Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация”.;

Кесиптик орто окуу жайы мамлекеттик билим берүү стандартын талаптарына ылайык негизги билим берүү программасын иштеп чыгат жана квалификациялардын улуттук алкагына ылайык окутуунун натыйжаларына жетүү үчүн жоопкерчиликти тартат

Негизги билим берүү программасынын ар бир блогуна тиешелүү болгон дисциплиналардын жыйындысын жана алардын сыйымдуулугун, аларды өздөштүрүүнүн натыйжаларына жана квалификациялардын улуттук алкагында каралган жалпы окутуу натыйжаларынын жыйындысы түрүндөгү болгон талаптарды эске алуу менен кесиптик орто окуу жайы өз алдынча ар бир блок үчүн белгиленген көлөмдө аныктайт.

Негизги кесиптик билим берүү программа Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан тизмеси жана жана сыйымдуулугу аныкталган жалпы гуманитардык циклдын милдеттүү дисциплиналардын аткарылышын камсыз кылууга тийиш.

Бул дисциплиналарды ишке ашыруунун мазмуну жана тартиби тиешелүү адистик боюнча кесиптик орто билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты менен белгиленет.

Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасы ушул макетке тиркелген структурага ылайык иштелип чыгат.

31. Дисциплиналардын ар бир циклы базалык (милдеттүү) жана элективдүү бөлүккө ээ болушу керек. Элективдүү бөлүк базалык бөлүктүн дисциплиналарынын мазмуну менен аныкталуучу студенттердин билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн кеңейтүүгө жана тереңдетүүгө мүмкүндүк берүүгө тийиш. Элективдүү бөлүк кесиптик орто окуу жайы тарабынан ишке ашырылуучу кесиптик билим берүү программасынын өзгөчөлүктөрүнө жараша белгиленет.

Милдеттүү бөлүктүн көлөмү, мамлекекттик аттестациянын көлөмүн кошпогондо, негизги билим берүү программасынын жалпы көлөмүнүн кеминде 50% түзүүгө тийиш.

Кесиптик орто окуу жайы ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга (алардын арызы боюнча) алардын жеке мүмкүнчүлүктөрүн, психофизиологиялык өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен негизги билим берүү программасы боюнча окуу мүмкүнчүлүгүн берүүгө жана, зарыл болсо, бул адамдардын өнүгүүсүнүн бузулууларын оңдоону жана социалдык адаптациясын камсыз кылууга тийиш

32. Адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасынишке ашыруу окутулуучу дисциплинанын профилине ылайык келген базалык билими бар жана системалык түрдө илимий жана (же) илимий-методикалык иш менен алектенген педагогикалык кадрлар менен камсыздалышы керек.

Окумуштуулук даражасы жана/же наамы бар окутуучулардын жалпы санынын 10 % га жакынын акыркы 10 жылдан ашык мезгилде тиешелүү

багыт боюнча тажрыйбаларга ээ болгон, алдыңкы жетекчи кызматтарда иштеген адистер алмаштыра алат.

Кесиптик циклдын окутуучулары даярдоонун тийиштүү адистиги/ багыты боюнча жогорку кесиптик билимге ээ болуулары керек.

33. Адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашырууда негизги кесиптик билим берүү программасынын дисциплиналардын толук тизмеси боюнча түзүлүүчү маалыматтар базасын жана китепкана фондун ар бир студенттин колдонуусу камсыз кылынышы керек. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун билим берүү программасы лабораториялык практикумдарды жана практикалык сабактарды камтууга тийиш (түзүлүүчү компетенцияларды эсепке алуу менен аныкталат).

Негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон окуу адабияты жана/же электрондук адабият менен студенттердин камсыз болуусу бир студентке -0,5 экземплярдагы ченемге ылайык келиши керек. Окуу маалыматынын булактары заманбап талаптарга жооп берүүсү керек. Билим берүү процессинде мыйзам чыгаруу актылары, ченемдик документтер, кесиптик багыт берүүчү мезгилдүү басылмалардын материалдары пайдаланылышы керек.

34. Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунда кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун окуу планында каралган лабораториялык, дисциплиналык жана дисциплиналар аралык даярдоонун, студенттерди практикалык даярдоонун бардык түрүн жүргүзүүнү камсыз кылган, колдонуудагы санитардык жана өрткө каршы эрежелер менен ченемдерге ылайык келген материалдык-техникалык базасы болушу керек. Окутуунун эки смендик болушу менен ар бир окуучуга 7кв.м кем эмес аянт туура келиши керек.

**Кабинеттердин, лабораториялардын жана башка кааналардын БОЛЖОЛДУУ ТИЗМЕГИ жана алардын жабдылышы:**

**а) жалпы билим берүү цикл үчүн:**

- Кыргыз тили жана адабияты (көргөзмө куралдар, сөздүктөр, проектор интерактивдүү доска, маркердик доска)
- Орус тили жана адбияты (көргөзмө куралдар, сөздүктөр, проектор интерактивдүү доска, маркердик доска, компьютер менен жекече интернетке чыгуу (1:1));
- Чет тил (көргөзмө куралдар, создуктор, сөздүктөр, проектор интерактивдүү доска, маркердик доска, жечеке компьютер (1:1))
- Математика (көргөзмө куралдар сөздүктөр, проектор, интерактивдүү доска, маркердик доска)
- Информатика (көргөзмө куралдар, сөздүктөр, проектор, интерактивдүү доска, маркердик доска, жекече компьютер (1:1));

- Кыргызстан тарыхы (көргөзмө куралдар, карталар, проектор интерактивдүү доска, маркердик доска)
- Манас таануу (көргөзмө куралдар, Манас томдору);
- Тарых (көргөзмө куралдар, карталар, проектор интерактивдүү доска, маркердик доска)
- География и экология (көргөзмө куралдар, дуйно жузунун картасы, глобус, карталар, проектор, интерактивдүү доска, маркердик доска,)
- Физика (көргөзмө куралдар, приборлор, лабораториялык жабдуулар)
- Химия (көргөзмө куралдар, приборлор, лабораториялык жабдуулар)
- АЧД (көргөзмө куралдар, проектор, Калашников автоматынын макети, противогаздар, респираторлор, маскалар, химиялык жана радиоактивдүү коргоочу костюмдар, замбилдер, шиналар ж.б)
- Социалдык-экономикалык дисциплина (көрсөтмө куралдар, проектор, интерактивдүү доска, маркердик доска);

**б) кесиптик цикл үчүн:**

- Мектепке чейинки педагогика жана балдар психологиясы (демонстрациялык жана көрсөтмө куралдар, дидактикалык материалдар проектор, интерактивдүү доска, маркердик доска);
- Куректык анатомия, физиология жана гигиена (демонстрациялык жана көрсөтмө куралдар, 1-жардам көрсөтүү үчүн дарылар кутучасы);
- Мектепке чейинки билим берүү методикасы: балдардын сөзүн өстүрүү усулу; мектеп жашына чейинки балдардын математикалык өнүгүүсүнүн методикасы, мектеп жашына чейинки балдарга экологиялык билим берүү методикасы (көрсөтмө куралдар, дидактикалык материалдар, өнүктүрүү үчүн үстөл оюндары, ырларды жана бийлерди үйрөтүү үчүн көрсөтмө куралдар жана оюнчуктар, куурчак театры үчүн каармандар жана буюмдар).

**в) атайын жабдылган кабинеттер:**

- сүрөт ишмердүүлүгү, көркөм өнөр жана конструкциялоо практикуму боюнча кабинет (көрсөтмө куралдар, сүрөт ишмердүүлүгүнүн каражаттары, жаратылыш жана таштанды материалдары, тигүүчү машина, кездемени иштетүү технологиясы боюнча демонстрациялуу таблицалардын комплекти, технология сабагы боюнча электрондук окуу куралдары, кагаз жана картонду иштетүүчү аспаптар, пластилинден моделдөө үчүн комплект, чыгармачылык иш үчүн стенд, колдонуу үчүн материал, сүрөт).

**г) жалпы:**

- Спорт зал жана спорт аянтчасы;
- Ритмика залы;
- Китепкана (электрондук китепкана), интернетке туташтырылган окуу залы;

– Жыйындар залы;
– Ашкана;
– Медпункт.

35. Бүтүрүүчүлөрдүн квалификациялык иштеринин мазмунуна, көлөмүнө жана түзүмүнө карата коюлуучу талаптар Кыргыз Республикасынын Министирлер Кабинети аныктай турган кесиптик орто билим берүүчү уюмунун бүтүрүүчүлөрүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялоонун тартибин эске алуу менен кесиптик орто окуу жайы тарабынан аныкталат.

Тиркеме 1

**Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын түзүмү**

| **Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын түзүмү** | | **Негизги кесиптик билим берүү программасынын жана анын окуу циклдарынын көлөмү (кредиттер менен)** | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **1 год 10-месяцев** | **2 года 6-месяцев** | **2 года 10-месяцев** | **3 года 6-месяцев** | **3 года 10-месяцев** |
| Блок 1 | I. Жалпы гуманитардык циклы<br><br>II. Математикалык жана табыгый илимий циклы<br><br>III. Кесиптик цикл | 99 | - | | - | - |
| | Дене тарбия (көрсөтүлгөн семестрлерде жумасына 2 сааттан) | 3-4 семестры | - | | - | - |
| Блок 2 | Практика | 15 | - | | - | - |
| Блок 3 | Жыйынтыктоочву мамлекеттик аттестация | 6 | - | | - | - |
| Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын көлөмү | | 120 | | | - | - |

Тиркеме 2

## Кесиптик орто билим берүүнүн болжолдуу окуу планы

**Адистиги:** 050704 «Мектепке чейинки билим берүү»
**Квалификация:** Мектеп жашына чейинки балдардын тарбиячысы
**Окутуунун ченемдик мөөнөтү:** 1 жыл 10 ай негизги жалпы билим берүүнүн негизинде

| № | Окуу дисциплиналардын аталышы (анын ичинде практиканын) | Жалпы сыймдуулугу | | Семестр боюнча болжолдуу бөлүнүшү | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | кредиттер | саатары | 3 сем. | 4 сем. | 5 сем. | 6 сем. |
| | | | | Жуманын саны | | | |
| | | | | 15-18 | 15-18 | 12-18 | 9-18 |
| **1.** | **Жалпы гуманитардык цикл** | **18** | **540** | | | | |
| | **Базалык бөлүк** | **15** | **450** | | | | |
| | Кыргыз тили жана адабияты | 3 | 90 | | + | | |
| | Орус тили | 2 | 60 | + | | | |
| | Чет тили | 2 | 60 | + | | | |
| | Кыргызстан тарыхы | 4 | 120 | + | + | | |
| | Манастаануу | 2 | 60 | + | | | |
| | Кыргызстандын географиясы | 2 | 60 | | + | | |
| | **Элективдүү бөлүгү** | **3** | **90** | | | | |
| | **ЖАЛПЫ** | **18** | **540** | | | | |
| **2.** | **Математикалык жана табигый -илимий цикл** | **6** | **180** | | | | |
| | **Базалык бөлүк** | **4** | **120** | | | | |
| | Кесиптик математика | 2 | 60 | + | | | |
| | Информатика | 2 | 60 | + | | | |
| | **Элективдүү бөлүгү** | **2** | **60** | | | | |
| | **ЖАЛПЫ** | **6** | **180** | | | | |
| **3.** | **Кесиптик цикл** | **75** | **2250** | | | | |
| | **Базалык бөлүк** | **60** | **1800** | | | | |
| | Мектепке чейинки педагогика | 7 | 210 | + | + | + | + |
| | Психология | 6 | 180 | + | + | + | + |
| | Педагогикалык чеберчиликтин негиздери | 2 | 60 | | | | + |
| | Коррекциялык педагогика | 2 | 60 | | | | + |
| | Жаш курактык анатомия, физиология жана гигиена | 3 | 90 | + | + | | |
| | Эне тили | 5 | 150 | | + | + | + |
| | Балдар адабияты жана көркөм окуу | 4 | 120 | | + | + | |
| | Баланын сөзүн өстүрүү методикасы | 6 | 180 | + | + | + | + |
| | Экологиялык билим берүү методикасы | 4 | 120 | + | + | | |
| | Мектеп жашына чейинки баланы математикалык өнүктүрүү методикасы | 6 | 180 | + | + | + | + |
| | Сүрөт өнөрүнө үйрөтүү методикасы | 4 | 120 | + | + | | |
| | Дене тарбия методикасы | 2 | 60 | + | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Музыкалык тарбия берүү методикасы | 2 | 60 | | | + | |
| | Көркөм эмгек жана конструкциялоо боюнча практикум | 2 | 60 | + | | | |
| | Кесиптик ишмердүүлүктөгү МКТ | 2 | 60 | | | + | |
| | Мектепке чейинки билим берүүнүн теориялык негиздери | 3 | 90 | | | + | + |
| | **Элективдүү бөлүгү** | **15** | **450** | | | | |
| | **ЖАЛПЫ** | **75** | **2250** | | | | |
| | **Дене тарбия (*)** | жума сына 2 с. | | + | + | + | |
| | **Практика (**)** | **15** | **450** | | + | + | + |
| | **Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация (***)**<br>– «Кыргызстан тарыхы», «Кыргыз тили жана адабияты», «Экология негиздери жана Кыргызстандын географиясы» ДАЖМА<br>– Мектепке чейинки педагогика жана мектеп жашына чейинки баланы математикалык өнүктүрүү методикасы<br>– Эне тили жана балдардын сүйлөө өстүрүү методикасы | **6** | **180** | | | | |
| | **Сынактардын саны** | | | 8-10 | 8-10 | 8-10 | 8-10 |
| | **Курстук иш** (****) | | | | | | |
| | **Негизги билим берүү программасынын жалпы сыйымдуулугу** | **120** | **3600** | 30 | 30 | 30 | 30 |

(*) дене тарбия жалпы сыйымдуулугуна кирбейт (жумасына 2 жолу)
(**) практиканын саны жана түрлөрү коож адистигини өзгөчөлүгүнө жараша
(***) жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны коож аныктайт
(****) курстук иш жалпы сыйымдуулугуна кирбейт (окуу графигине ылайык)

Ушул кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүсүнүн **050704 «Мектепке чейинки билим берүү»** адистиги боюнча мамлекеттик билим берүү стандарты базалык орто кесиптик окуу жайы катары Т.Эрматов атындагы Бишкек музыкалык педагогикалык колледжинин окуу-усулдук кеңешмеси тарабынан иштелип чыкты жана жактырылды.